Жоробек Сатылганов атындагы орто
мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун

# № 1 Токтому

9-сентябрь 2022-жыл Кара – Ой айылы

Чогулушка катышкан ата-энелердин саны: 210

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. 1-4-класстарга ысык тамак берүүнү уюштуруу.

Угулду. Күн тартибиндеги маселе боюнча тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г.Кулубаева билдирүү жасады: 2022-2023-окуу жылында 1-4-класстарда 237 окуучу окуп жатат. Окуучуларга ысык тамак берүүдө мамлекет тарабынан берилген 10 сомдон сырткары ата-энелердин демөөрчүлүгү менен ар бир балага ай сайын уй эти кымбаттагандыгына байланыштуу быйылкы окуу жылында 130 сомдон акча чогултулуп, уй эти алынып, окуучуларга ысык тамак берилүүгө тийиш. Чогулткан акча каражаттарынын милдетин ата-энелер комитеттери алышып, азык-түлүк менен ата-энелер комитетинин төрайымы Эркингүл Мүдүнова, мүчөлөрү: Астра Нурматова, Махабат Сарбашова камсыз кылат. Ар бир продуктынын сертификат, справкалары бар. Жумасына технокартанын негизинде түзүлгөн меню менен тамак жасалат.
Бир жуманын 2 күнүнө 15кг эт кошулуп тамак берилет. Бир айда 60 кг эт алынат.
Бир айда жалпы акчанын суммасы 30810 сом болот.
Ар бир айдын отчеттору ашканада класстар боюнча илинет, ата-энелерге маалыматтар берилет.

Бардык ата-энелер ысык тамакка айына 130 сомдон чогултуп бергенге макулдугун бир добуштан билдиришти

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, ата-энелер чогулушу чечим кылат:

1-4-класстарга ысык тамак берүүнү уюштуруу жагы ар бир класстын ата-энелер комитеттерине милдеттендирилсин жана көзөмөлдөө жагы уюштуруучу Г.Кулубаева тапшырылсын.

Бул токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Г.Кулубаевага калтырылсын.

Чогулуштун төрайымы: Г.Кулубаева

Сканировано с CamScanner